**Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги**
**И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана**
**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

Д.13.16.527 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК: 372.881.161.1(575.2)(043)

**Сулейменова Гульмира Амангалиевна**

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН БОЛОЧОК МУГАЛИМИН ОРУС ТИЛИ ЖАНА АДАБИЙ ОКУУ САБАКТАРЫН ӨТҮҮГӨ ДАЯРДООНУН ЛИНГВОДИДАКТИКАЛЫК НЕГИЗДЕРИ

13. 00. 02 –окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы
(орус тили)

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2017**

Диссертациялык иш **К. Тыныстанов атындагы Иссык-Көл мамлекеттик университетинин алдындагы орус тил жана адабият кафедрасында аткарылды.**

**Илимий жетекчи:** педагогикаилимдеринин доктору, профессор **Добаев Кыргызбай Дуйшенбекович**

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Манликова Минавар Халыковна**

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Бреусенко Людмила Михайловна**

**Жетектөөчү мекеме**: Ош мамлекеттик университетинин педагогика кафедрасы (714000, Ош ш., Ленин көч., 331).

Диссертация 2017-жылдын 24-мартында саат 15:30 И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин жана Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча уюштурулган Д.13.16.527 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги:720023, Бишкек шаары, 10-кичи район, Камская көчөсү, 10 а

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасынан төмөнкү дарек боюнча таанышууга болот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, И. Раззаков көчөсү, 51. http://arabaev.kg/do.kg

Автореферат 2017-жылдын 24-февралында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент** **Омурбаева Д.К.**

# ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.** Азыркы убакытта Казакстанда өлкөнүн өнүгүүсүнүн “Казахстан – 2050” жаңы Стратегиясына ылайык казак, орус жана англис тилдерин өздөштүрүүгө багытталган үчтилдүүлүк саясаты активдүү өткөрүлүп жатат. Тилдердин иштөөсү жана өнүгүшүнүн Мамлекеттик программасы өлкөдө оптималдуу социолингвистикалык мейкиндикти түзүүгө багыт алган; Казакстан Республикасынын Конституциясы кепилдеген орус тилине негизги функцияларынын толук көлөмүндө сактоо (мамлекеттик уюмдарда жана жергиликтүү өзүн башкаруу мекемелеринде расмий колдонулат, билим берүү аймагында, илимде, маданиятта жана башка коомдук маанилүү чөйрөлөрдө иштейт); Казакстандын элдеринин тилдерин үйрөнүү менен өнүктүрүүгө шарттарды түзүү жана ар бир жарандын эне тилинде баарлашууга, тарбиялоого, окутууга жана чыгармачылыкка тилди эркин тандоого конституциялык укугун жүзөгө ашыруу.

Аталган программаны ишке киргизүү орус тилин окутуу чөйрөсүндө ишмердикти өзгөртүүнү, окуу-методикалык камсыздоону жетилтүүнү, окуу-методикалык адабияттарды жана электрондук интерактивдүү окуу китептерин түзүүнү, орус тили боюнча инновациялык усулдарды ишке киргизүү жолдору менен орус тилин окутуунун сапатын жакшыртууну божомолдойт.

Казакстанда орус тили өзүнүн функцияларынын бардык көлөмүн сактап кала берет: ар түрдүү маалыматты кабыл алуу менен сактоонун каражаты катары колдонулат, идеологиялык аракет этүү, билим берүүнүн каражаты жана объектиси, казакстандык коомдун рухий маданиятынын курамдуу бөлүгү жана кубаттуу коммуникациялык каражат. Казакстанда анын иштөөсү туруктуу бойдон кала берип мамлекеттик колдоо менен пайдаланат, бул болсо азыркы убакытта орус тили ээ болгон социалдык функциялары толук көлөмдө сакталышын кепилдейт. Буларга байланыштуу орус тилдин болочок мугалимин даярдоонун моделин компетенттик негизде жаңылантуу зарыл.

Компетенттик мамиленин эффективдүүлүгү практикалык багыттуулукка ээ болгондугунда камтылат жана төмөнкүлөрдү божомолдойт: ЖОЖдун педагогикалык процессинде билим берүүнү өзгөртүү, ЖОЖдогу окутуу процесстин көп факторлугу, билим берүүнүн мазмунун болочок мугалимдин инсандыгын өнүктүрүүгө проектилөө, окутуунун заманбап технологияларын уюштуруу жана жүзөгө ашыруу.

Азыркы мугалимдин ишмердүүлүгүнүн негизги максаты инсандык-багытталган мамиледе курулган окутуу жана тарбиялоо процессин билгичтик уюштурууда турат, ошондой эле студенттердин өз алдынча таанып-билүү ишмердигин уюштурууда, чыгармачыл ой жүгүртүүнү

калыптандырууда, анын чыгармачыл потенциалын өнүктүрүүдө.

Болочок педагогдун кесиптик (атайын жана предметтик) компетенцияларын калыптандыруу ЖОЖдун билим берүүчү процессинде терең системалуу кайра өзгөртүүлөрдү өткөрүүнү божомолдойт, анын ичинде дисциплиналарды окутуунун методикасын жетилтүүнү, инновациялык билим берүүчү технологияларды ишке ашырууну, билим берүүнүн мазмунун өзгөртүүнү.

Азыркы күнгө чейин орус тилди эне тил катары, эне тил эмес катары жана чет тили катары окутуунун методикасында көз карандысыз Мамлекеттердин шериктештик өлкөлөрүнүн жетектөөчү окумуштуу-методисттердин эмгектеринде чагылдырылган бай жана ар түрдүү тажрыйба топтолгон. Биринчи кезекте булар Россиянын окумуштуу-методистеринин (А.В. Текучев, Т. А. Ладыженская, В. Ч. Лысенкова С.А., Т.А. Рамзаева, Капинос, Е.Ч. Никитин, Ф. Буслаев, Н.Н. Сергеев, М.С. Соловейчик, М.Р.Львов, Е.И. Ильин, Е.В. Клюева, Н.В. Новотворцева, П.С. Пустовалов, Е.И. Тихеева, М.С. Торопцев, Н.М. Шанский ж.б.) орус тилин окутуунун методикасы боюнча эмгектери.

Мектепте орус тилин окутуу боюнча көйгөйлөрү жана аларды чечмелөөнүн жолдору Казакстандын окумуштууларынын Б.А. Абилова, Э.Д. Аканова, Э.Д.Сулейменова, В.К. Павленко ж.б.) эмгектеринде каралган.

Орус тилдүү жана улуттук мектептерде орус тилин окутуунун методикасынын теориясы менен практикасын иштеп чыгууга Кыргызстандын окумуштуулары чоң салым киргизишкен (Э.Ш. Абдулина, Н.А. Ахметова, А.И.Васильев, К.Д. Добаев, С.А. Елебесова, М.Х. Манликова, Д.К. Омурбаева, А.О. Орусбаев, В.Г. Каменецкая, Н.Г. Каменецкая, В.П. Петров, П.И. Харакоз, Л.А. Шейман ж.б.).

Таджикистандын окумуштууларынын Т.В. Гусейнова, П. Джамшедов, И.Х. Каримова, М. Лутфуллоев, М.Б. Нагзибекова, С.Э. Негматов ж.б. эмгектеринде тилдерди окутуунун актуалдуу көйгөйлөрү каралган.

Өзбек мектептеринде орус тилин окутуунун методикасын жетилтүүгө В.И. Андриянова, К.И. Диева, М.А. Зальдинер, С.М.Махмудова, Т.К. Петрова, М.А. Хегай, К.Е. Чернышованын ж.б. изилдөөлөрү арналган.

Болочок мугалимди даярдоо методикасын жетилтүүнүн методологиялык негизи болуп төмөнкү илимий методикалык мамилелер эсептелет: *инсандык-багыттоо мамиле* (Г.К.Ахметова, Е.В. Бондаревская, Лернер, М.Н. Скаткин, И.С. Якиманскаяж.б.), *ишмердик мамиле* (Н.Ф. Ананьев, П.Я. Гальперин, А.Н. Леонтьев, С.Л. Рубинштейн, Г.И. Щукина, Б.Г. Талызин, Н.Д.Хмель, Д.Б. Эльконин ж.б.), *маданий мамиле* (Е.В. Бондаревская, А.А Кирсанов, А. Сластенин, Л.А. Павлова ж.б.),

*коммуникативдик мамиле* (И.Л. Бим, М.М. Бахтин, И.А. Зимняя, Г.А. Китайгородская, А.А. Леонтьев, Е.И. Пассов, В.Л. Скалкин, Т.А. ж.б.), *компетенттик мамиле* (В.И. Байденко, И.А. Зимняя, Э.Ф. Зеер ж.б.), *социо-маданий мамиле* (О.Г. Оберемко, Е.И. Пассов, В.В. Сафонова, П.В. Сысоев ж.б.), *жеке-чыгармачылык мамиле* (В.И. Загвязинский, И.Ф. Исаев, В.А. Кан-Калик, А.Н.Саржанова ж.б.).

Казакстандын ЖОЖдорунда баштапгыч мектептин болочок мугалимдерин даярдоонун методикасынын азыркы абалын изилдөө окутуу процессине компетенттик негизде инновациялык технологиялар менен методикаларды иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнүн зарылдыгын көрсөттү. Казакстандын педагогикалык окуу жайларындагы окуу-нормативдик документтеринде (мамлекеттик билим берүүчү стандарт, колдонулуп жаткан программалар, окуу китептер ж.б.). "Башталгыч мектепте окутуунун методикасы" атайын дисциплина бөлүнүп берилген эмес, ошондуктан башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын компетенттик негизде өтүүгө даярдоонун лингводидактикалык негиздерин аныктоо зарыл, аны ЖОЖдо окутулуп жаткан "Азыркы орус тилинин негиздери" жана "Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы" дисциплиналардын алкагына киргизүүгө болот.

Аталган бардык факторлор биздин изилдөөбүздүн тандалып алынган теманын: "**Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоонун лингводидактикалык негиздери"** актуалдуулугун тастыктайт.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар менен байланышы:** иш К. Тыныстанов атындагы Ысык-Көл мамлекеттик университетинин орус тили жана адабияты кафедрасынын жана Евразия Инновациялык университетинин журналистика жана филология кафедрасынын илимий-изилдөө иштеринин алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты** башталгыч класстардын болочок мугалимин кесиптик жактан даярдоо процессинде орус тили жана адабий окуу сабактарынын лингводидактикалык негиздерин иштеп чыгуу жана эксперименттик текшерүү жүргүзүүдөн турат.

**Изилдөөнүн милдеттери:**

1. Казакстан Республикасындагы билим берүүнүн мазмунун жаңылантуу алкагында орус тилин окутуунун азыркы абалын чыгуу.

2. Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоонун лингводидактикалык негиздерин компетенттик мамиленин негизинде аныктоо.

3. Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен казак мектебинде окутууга даярдоонун методикасын иштеп чыгуу жана аны

бүтүндүк педагогикалык процессте экспериментте текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы:**

- Казакстан Республикасындагы билим берүүнүн мазмунун жаңылантуу алкагында орус тилин окутуунун азыркы абалынын теориялык негиздери жалпылантылды, системалаштырылды жана конкреттелиштирилди;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин функционалдык сабаттуулугун жана коммуникациялык компетенцияларын калыптандыруунун лингводидактикалык негиздери компетенттүүлүктүн негизинде аныкталды;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен ЖОЖдо даярдоону жетилтүүнүн методикалык жолдору биринчи жолу иштелип чыгып ишке ашырылды;
- башталгыч класстардын болочок мугалимдеринин орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен ЖОЖдо даярдоонун методикалык комплексинин эффективдүүлүгү экспериментте ачылып көрсөтүлдү.

Мындай көйгөй биринчи жолу коюлуп жана иштелип чыгып жаткандыктан аны чечмелөөгө диссертацияда белгиленген мамиле ЖОЖдо башталгыч мектепте окутуунун жалпы методикасын жетилтүүгө аныкталган принципиалдуу мааниге ээ болот деген божомолдоого негиз бар, анын ичинде башталгыч мектептин болочок мугалимдерин орус тили жана адабий окуунун интеграцияланган сабактарын өтүүгө даярдоодо.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** автор иштеп чыккан илимий негизделген жана экспериментте текшерилген башталгыч мектептин болочок мугалимдердин даярдыгын жетилтүүнүн методикалык ыкмалары сунушталып жана 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигине ишке ашырылган. Алар практикалык көндүмдөрдү калыптандырууга багытталган тандоо боюнча “Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы” компоненти жана “1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу” атайын курсун башталгыч мектептин окутуу методикасында эффективдүү колдонсо болот, анын ичинде ЖОЖдун жана мектептин практикасында буга чейин колдонула элек орус тили боюнча сабактар менен интеграция элементтери бар болгон байланыш каналдарын пайдалануу.

Илимий-методикалык баяндоо жана методикалык сунуштоолор окутуучулар менен студенттер, ошондой эле мектептин мугалимдери үчүн окуу-методикалык комплекстерди түзүүгө көмөктөш болушу мүмкүн. Бул изилдөөнүн тыянактары колдонулуп жаткан мамлекеттик билим берүүчү стандарттарга, башталгыч мектептер үчүн орус тили боюнча

программаларга жана окуу китептерге тактоолор менен толуктоолорду киргизүүгө багытталган.

**Коргоого коюлган негизги жоболор:**

**1.** Казакстан Республикасында орто жана жогорку кесиптик билим берүүнүн жаңылантуу алкагында орус тилин окутуунун азыркы абалын окуу процессине инновациялык педагогикалык технологиялар менен окутуунун методикаларын иштеп чыгууну жана жүзөгө ашыруу зарылдыгын көрсөттү. Жалпы билим берүүчү мектепте орус тилин окутуунун жалпы системасында башталгыч этап-биздин учурда башталгыч мектеп-чечүүчү этап болгондуктан ЖОЖдо башталгыч класстардын болочок мугалимдерин даярдоодо функциялык сабаттуулук менен коммуникациялык компетенцияларды компетенттик негизде калыптандыруунун лингводидактикалык негиздерин аныктоо, системалаштыруу жана конкреттештирүү зарыл.

**2.** Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана интеграция элементтери менен окуу сабактарын өтүүгө даярдыгынын методологиялык негизи аларда: *предметтик компетенцияларды (*башталгыч мектепте орус тили менен окууну ийгиликтүү окутууну камсыздоо менен окуучулардын өзгөчөлүктөрүн эске алып кесиптик ишмердикте предметтик билимдер жана билгичтиктерди азыркы технологиялар менен ишке ашыруунун методикасына ээ болуу) жана *атайын компетенцияларды* (предметтерди интеграциялоо, өзү билим алуу көндүмдөрүнө ээ болуу) өзгөчө шарттарда педагогикалык милдеттердин кесиптик чечмелөөсүн камсыздайт.

**3.** Лингводидактикалык негиздерди эске алуу менен иштелип чыккан жана окуу процессине ишке киргизилген "Башталгыч мектепте орус тилинде окутуунун теориясы жана технологиясынын" практикалык-багытталган дисциплиналары жана "1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу" атайын курсунун негиздеринде иштелип чыккан жана эксперименттен апробациядан өткөн башталгыч класстардын мугалимин орус тили жана интеграция элементтери менен адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоону жетилтүүнүн методикасы башталгыч мектепте окутуунун жалпы методикасын жетилтүү менен, ошондой эле болочок мугалимдердин орус тили жана окуунун интеграцияланган сабактарын өткөрүүгө даярдыгынын деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана интеграция элементтери менен адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоонун методикасын 5В010200 "Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы" адистигинин орус тили жана адабий окуу сабактарында практикалык көндүмдөрүн калыптоого багытталган тандоо боюнча компоненти "Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун

теориясы жана технологиясы” жана атайын курсту “1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу” иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу менен кошту.

**Диссертациянын жыйынтыгын апробациялоо.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы жана натыйжалары менен байланышкан суроолор Павлодар шаарындагы (Казакстан) педагогикалык кадрлардын квалификациясын жогорулатуу, даярдоо жана кайрадан даярдоо Институтунун илимий-методикалык семинарларында, К. Тыныстанов ат. Ысык-Көл мамлекеттик университетинин орус тили кафедрасында Каракол шаары (Кыргызстан), ошондой эле эл аралык, республикалык жана региондук конференцияларда: “Илимге карай жол” (Камень–на-Оби ш., 2013), World of Science (Praha: IADE, 2011), “Келечектүү илимий изилдөөлөр-2017” (Болгария, София ш., 2017), Абай ат. Казак улуттук педагогикалык университет (Алматы ш., 2007), Евразиялык гуманитардык институт (Астана ш., 2009), “Заманбап билим берүү парадигмасындагы социалдык-гуманитардык багыт” (ИнЕУ, Павлодар ш., 2008) ж.б.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын чагылдырылышы.** Диссертациялык изилдөөнүн жыйынтыктары 15 илимий эмгекте, анын ичинен 13 КР ЖАК сунуштаган басылмаларда жана ЖОЖдордун студенттери үчүн 2 окуу-методикалык комплекс жарыкка чыкты.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч главадан, жалпы жыйынтыктардан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 170 бетти түздү.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** изилдөөнүн актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты жана милдеттери аныкталат, илимий жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого көрсөтүлүүчү жолоболору ачылып, изилдөөнүн жыйынтыктарын жайылтуу жана ишке киргизүү маалыматтары берилет.

**“Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана окуу сабактарын өтүүгө даярдыгынын теориялык негиздери”** аттуу 1-главада Казакстан Республикасындагы билим берүүнүн жаңыланган мазмунунун алкагында орус тилин окутуунун учурдагы абалынын кыскача обзору сунушталган; башталгыч класстардын болочок мугалиминин функционалдык сабаттуулугун калыптандыруунун методологиялык негизи мүнөздөлөт (компетенттик мамиле), башталгыч класстардын мугалиминин компетенцияларынын парадигмасы аныкталган.

Бүгүнкү күндө Казакстанда орус тили өзүнүн маалыматтык

баалуулугун жана коммуникациялык ыңгайлуулугун сактап, расмий тил катары туруктуу жашап келет, анткени республиканын 84% калкы орус тилинде баарлашат.

Белгилүү болгондой үйрөнүлүп жаткан тилге ээ болуунун элементардык көндүмдөрү окутуунун башталгыч этабында иштелип чыгат жана бардык кийинки окутуу бул негизде түзүлөт. Ошондуктан орус тилине окутуунун баштапкы мезгилди таасирдүү методика менен камсыздоо – бул биринчи кезектеги жана маанилүү милдет болуп эсептелет.

Буга байланыштуу, компетенттүүлүк мамиленин алкагында башталгыч класстардын азыркы мугалимине төмөнкүдөй талаптар сунушталат: “методологиялык сабаттуулугунункалыптанышы, кесиптик тапшырмаларды өз алдынча жана чыгармачылык менен чечкенди билүү; өз алдынча жаңы билимге умтулуп, аны өз ишмердигинде пайдалана билүү”; “педагогикалык ишмердиктин калыптангандыгын аныктаган билим, билгичтик жана көндүмдөрдүн суммасына ээ болуу”; кесиптик ишмердигинде өзүнүн билимин, билгичтигин, иш-аракет кылуу ыкмаларын топтоштуруу жөндөмү; зарыл болгон психологиялык-педагогикалык, предметтик, методикалык билиминин жана билгичтигинин жыйындысы, аларды практикалык жактан колдонууга даярдыгы; теориялык жана практикалык даярдыгын педагогикалык ишмердигинде ишке ашыруусу; педагогдун атайын билим алуусунун негизинде пайда болгон, кесиптик-педагогикалык ишмердиктин жогорку деңгээлин жана анын жигердүүлүгүн камсыздаган кесиптик жактан маанилүү инсандык касиеттеринин интегративдик тутуму”.

Ошентип, мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү – болочок мугалимдин атайын билим алуусунун жана практикалык жактан тажрыйба топтоосунун негизинде пайда болгон, башталгыч класстардын мугалиминин кесиптик-педагогикалык ишмердигинин жогорку деңгээли анын таасирдүүлүгү менен азыркы учурдагы педагогикалык илимдин деңгээлине жана Казакстан Республикасынын заманбап мектептеринин талаптарынатуура келгенкесиптик жактан маанилүү инсандык касиеттеринин интегративдик тутуму менен сунушталган.

Психологиялык-педагогикалык адабиятты теориялык жактан талдоо (Кузьмина Н.В, Маркова А.К., Зимняя И.А., Коджаспирова Г.М., Сорокина Т.М., Пассов Е.И., Коган Е.Я. ж.б.) башталгыч класстардын мугалиминин кесиптик компетенттүүлүгүнүн 5 критерийин бөлүп алууга мүмкүндүк берди: жалпы маданий, жалпы кесиптик, коммуникативдик, инсандык, өзүн өзү өркүндөтүү жана өз алдынча билим алуу критерийлери. Сунушталган критерийлер башталгыч класстардын болочок мугалиминин компетенцияларына төмөнкүдөй талаптарды коюуга мүмкүндүк берет: негизги компетенциялар (калыптандыруучу,

турукташтыруучу, изилдөөчү); предметтик компетенциялар: (коммуникативдик, технологиялык,текшерүүчү); атайын компетенциялар**:** (программалык, предмет аралык, социалдык, өстүрүүчү, табышкер, уюштуруу-методикалык).

Аталган компетенцияларды калыптандыруу башталгыч класстардын болочок мугалиминин функционалдык сабаттуулугун калыптандыруунун таасирдүүлүгүн шарттайт.

Ошентип, башталгыч класстардын болочок мугалиминин функционалдык сабаттуулугун калыптандыруунун методологиялык негизи – сапаттуу таасир берүү үчүн зарыл болгон (ошол предметтердин өзүнө карата) белгилүү бир предметтерге жана процесстерге карата негизги, предметтик жана атайын компетенциялардын инсандын өз ара байланыштагы сапаттарынын (билими, билгичтиги, көндүмдөрү, ишмердик ыкмалары) жыйындысын болжолдойт.

2013-жылдагы Казакстан Республикасынын ГОСОсундакаралган компетенциялар парадигмасын талдап чыгып, аларды төмөнкүлөр менен толуктоо зарыл деп эсептейбиз:

***Предметтик компетенциялар*(**спецификалык болуп саналат жана башталгыч класстарда адабий окуу сабактарын ийгиликтүү окутууну камсыздайт):

- окучуулардын өзгөчөлүктөрүн эске алуу менен кесиптик ишмердигинде предметтик билимдерди жана билгичтиктерди ишке ашыруу методикасына ээ болуу;
- орус тилин жана адабий окууну окутуунун заманбап технологияларына ээ болуу;
- окуу-методикалык материал менен иштөөдө колдонуучунун, иштеп чыгуучунун, рецензенттин компетенцияларына ээ болуу;
- педагогикалык пикир алышууда жардам берүүчү (facilitating), инсан аралык, гуманисттик компетенцияларга ээ болуу.

***Атайын компетенциялар*** (тар багыттуу жана коштоочу педагогикалык тапшырмалардын чечилишин камсыздайт):

- программалык, профилдик, предмет аралык компетенцияларга ээ болуу;
- “орус тили” жана “адабий окуу” сабактарын окутуунун интерргративдик көндүмдөрүнө ээ болуу;
- өзүнүн жеке дидактикалык материалдарын түзүү үчүн автордук, редакторлук, пилоттук компетенцияларга ээ болуу;
- окуучулар менен сабактан тышкары иштөөдө табышкер, уюштуруучулук, өбөлгөлөөчү компетенцияларга ээ болуу;
- орус тили жана адабий окуу сабактарынын алкагында өз алдынча билим алуу көндүмдөрүнө ээ болуу.

Ошентип, түйүндүү, предметтик жана атайын компетенциялар

бирдикте башталгыч класстардын мугалиминин башталгыч мектептерде орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүдөгү кесипкөйлүгүн камсыздайт.

Мугалимдин кесиптик компетенттүүлүгү кесиптик-маанилүү инсандык касиеттердин интеграциялык системасы менен берилген, аны болочок мугалим кесиптик билим алууда жана практикалык тажрыйба учурунда өздөштүрөт. Казакстан Республикасынын заманбап мектебинин талаптарына жана азыркы педагогикалык илимдин деңгээлине жооп берген башталгыч класстардын мугалиминин деңгээли даана кесиптик-педагогикалык ишмердикте ачылып берилет.

**“Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоонун лингводидактикалык негиздери” аттуу 2-главада** башталгыч класстардын болочок мугалимдерине предметтик жана адистик компетенцияларды калыптандыруунун лингвометодикалык негиздери (жолдору, ыктары, ыкмалары, каражаттары) каралат; азыркы методикадагы орус тили жана окуунун интеграцияланган сабактарын өткөрүүнүн теориялык менен практикалык педагогикалык тажрыйба жалпыланган жана системалаштырылган; башталгыч мектепте адабий окуунун методикасы орус тилине окутуунун методикасы менен интеграциялоо мүмкүнчүлүктөрү каралат.

Башталгыч класстардын мугалимин кесиптик даярдоосуна коюлган талаптар анын педагогикалык устатчылыгын, компетенттүүлүгүн, эрудициясын, интеллигенттүүлүгүн жана жалпы маданиятын калыптандырууну божомолдойт. Аталган көрсөтмөлөрдү жүзөгө ашырууга башталгыч класстардын болочок мугалимдердин кесиптик даярдоосуна жана инсандыгын калыптандырууга максаттуу багытталган мамилени жүргүзүү көмөктөшөт, ошону менен бирге, орус тили жана адабий окуу сабактарына даярануунун жүрүшүндө студенттердин коммуникациялык билгичтиктери менен көндүмдөрүн калыптандыруу.

Орус тилин эне тили катары, эне тили эмес катары жана чет элдик тили катары окутуу методикасында мугалимдин коммуникациялык билгичтиктерин калыптандыруу проблемасы ар түрдүү аспектилерде Шериктеш өлкөлөрдүн окумуштуу-лингвистер жана методистердин илимий-педагогикалык эмгектеринде чечмеленген (Э.Ш. Абдулина, Д.М.Александров, Н.А. Ахметова, А.В. Воловик, К.Д. Добаев, И.А. Зимняя, В.Г. Каменецкая, Н.Г. Каменецкая, К.М. Карапетян, И.В. Киселевская, Г.А.Китайгородская В.Г., Костомаров, М.Х. Манликова, Д.К. Омурбаева, Г.В.Рогов, Л.А.Шейман ж.б.).

ЖОЖдук педагогиканын шарттарында башталгыч класстардын болочок мугалиминин коммуникациялык билгичтиктерин калыптандырууга төмөнкү окумуштуулардын эмгектери арналган: И. А.

Зязюн (коммуникациялык билгичтиктерди өнүктүрүүнүн методикасы: моделдештирүү, микроокутуу, өздүк даярданууга көнүгүүлөр); В. А. Кан-Калик (коммуникациялык-аткаруучулук техниканы өнүктүрүү); А. А. Леонтьев (педагогикалык баарлашуу учурунда коммуникациялык билгичтиктерди калыптандыруу); А. В. Мудрик (педагог менен студенттин коммуникациялык маданиятын калыптандыруу); Е. Г. Кашина (балдардын катташуусу жана алар менен өзүнүн өз ара катнашуусун мугалимдин башкаруу жөндөмдүүлүгү); Л. И. Уманский (адамдар менен аныкталган бир маанилүү өз ара катнашууларды жүргүзүү билгичтиги); Н. В. Кузьмина (балдар менен туура өз ара катнашууларды жүргүзүү жана окуучулардын  өнүгүшүнө менен аларга коюлган талаптарга ылайык кайра куруу билгичтиги);  Л. Р. Мунирова (өзүнүн жүрүм-турумун туура куруу жөндөмү, аны баарлашуунун милдеттерине ылайык башкарууну билүү) ж.б.

Ошентип *коммуникациялык билгичтиктер* деп төмөнкүлөрдү түшүнөбүз:

1) өзүнүн жүрүм-турумун туура куруу, адамдын психологиясын түшүнүү менен байланышкан билгичтиктер;

2) кай бир филологиялык дисциплиналардын: лингвистика, риторика ж.б. аймагынан билимдер менен билгичтиктерге ээ болуу деңгээли аркалуу мүнөздөлгөн билгичтиктер;

3) өзүнүн ойун адекваттуу айтып берүү же башкалардын ойлорун түшүнүүгө адамга  зарыл болгон билгичтиктер.

Коммуникациялык компетенцияларды калыптандыруунун жыйынтыгында башталгыч класстардын мугалими окуучулар менен узак жана эффективдү өз ара катнашууну уюштуруу билгичтигине ээ болушу керек.

Аталган көйгөйдүн чечмелениши башталгыч класстардын мугалимин кесиптик даярдоосуна максаттуу багытталган мамилени ишке ашырууда корунүп турат. Окутуунун эффективдүүлүгүнө окуучуларды окутуу процессине айкалыштыруу жана интеграциялоо элементерин киргизүүгө мүмкүндүк түзгөн инновациялык педагогикалык технологиялар менен методикаларды ишке ашыруу аркылуу жетсе болот.

Педагогикалык иш практикасы корсоткөндөй, бүгүнкү күндө орус тили жана адабий окуу сабакты интеграция элементтери менен куруу технологиясы актуалдуу жана эффективдүү болуп эсептелет.

Азыркы мектепте *предметтерди интеграциялоо* – жаңы педагогикалык чечимдерди издөөнүн, окучууларга акыл чегинде жана жигердүү таасир этүү максатында, педагогикалык жамааттардын чыгармачылык дараметин өстүрүүнүн бир багыты.

*Интеграциянын элементтери* менен өтүлгөн сабак деген түшүнүктүн алдында биз бирдиктүү максаттарды, принциптерди жана

орус тили менен адабий окууга үйрөтүү процессин уюштуруунун мазмунун чагылдыруу формасын түшүнөбүз. Мунун жыйынтыгында окуучулар билим берүүнүн жаңы сапаттуу тутумуна, эки предмет боюнча билгичтик жана көндүмдөргө калыптанат.

Мындай сабактын алкагында мугалим окуучулардын окуу ишмердигин уюштурууну ойлонуштурат, материалды кызыктуу формада берет, башталгыч класстардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен окучуулардын таанып-билүү ишмердик боюнча чыгармачылыгын уюштурат.

В.Н. Лялинанын ою боюнча, мугалимдин ар бир баланын өзгөчөлүгүн эске алуусу, түшүнүүсү – *интеграцияланган сабакты* түзүүнүн бирден бир башкы маселелери. Интеграцияланган сабактарда окуунун маңызы ар бир балага түшүнүктүү болуш үчүн ар башка элементтерди бир бүтүндүккө бириктирүү керек. Мындай сабактарда балдардын сүйлөө речи байыйт, сөздүк кору активдештирилет, сүйлөмдөрдү байланыштыруу өнүгөт.

Федорец Г.Ф. *интеграцияланган сабактар* окуучуларга курчап турган чөйрө менен таанышууга көмөк көрсөтөт деп эсептейт. Билим берүүнүн сапаты таанып-билүү ишмердигинин өзгөчөлүгүнүнөн да, бул билимди ар түрдүү ишмердикте пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн да көз каранды.

Монахова Г.А. мугалимди сабактарды *интеграциянын элементтери* менен окутууга даярдоодон башталгыч класстардын окуучулары канчалык деңгээлде туура окуп, туура жазары көз каранды экендигин баса белгилейт. Буга байланыштуу, биз орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу таасирдүү болот деп эсептейбиз.

Биз диссертациялык изилдөөбүздө предметтер арасында байланыш түзүүгө жана окуучулардын тилдик, лингвистикалык, коммуникативдик компетенцияларын жигердүү калыптандырууга мүмкүндүк берген орус тили жана адабий окуу сабактарынын интеграциясына басым жасадык.
Окуу менен интеграцияланган орус тили сабактары кенже окуучулардын сабаттуулугунун денгээлин жогорулатууга, балдардын дайыма окуганга жана сабаттуу жазууга кызыгуу менен каалоосуна көмөктөшөт.

Окутуудагы интеграциялоо идеясы окутууну дифференциялоого жана жекечелештирүүгө байланышта билим берүүнү талкулоонун предмети болгон. Интеграциялоонун эффективдүүлүгү көп факторлордон: окуу предметтер менен окутулуп жаткан темаларды айкалыштыруу, мугалимдин даярдыгы, окуу материалдын мазмунун тандоо, иштөөнүн методдору жана ыкмаларынан коз каранды болот.

Интеграцияланган сабактын негизги жоболору төмөнкүлөр:

1) интеграцияланган сабактарды өтүүнүн максатын так

аныктоо,интеграциялоо көз карашынан берилген милдеттер;

2) окутулуп жаткан материалдын мазмунун кайра карап чыгуу. Интеграцияланган сабактарды курууну Казакстандын мектептеринде колдонулуп жаткан программалар жана окуу китептеринде окуучу менен мугалимге сунушталган материалдын негизинде сунуштайбыз.

Интеграцияланган сабактарды өткөрүү үчүн төмөнкүлөр зарыл:
а) башталгыч мектептин ар түрдүү предметтердин программаларын талдап чыгуу; б) окшош темаларды ачып көрсөтүү; в) аларды жетектөөчү идеянын жана негизги жоболордун көз карашынан бириктирүү.

Интеграцияланган сабактын алдына коюлган максаттарга жараша анын жыйынтыктары белгиленет: предмет боюнча билим деңгээлин жогорулатуу; интеллектуалдык ишмердикти өзгөртүү; ар кайсы окуу предметтердин өз ара таасирлери менен негизделген окуучулардын кебинин өзгөрүшү; музыканы, сүрөттү, жабыштырып жасоону, адабиятты, дене кыймылынын пластикасын тартууга негизделген окуучуларды эмоциялуу өнүктүрүү; сабак учурунда жана сабактан тышкары убакытта активдүү жана өз алдынча иштөөгө каалоодо ачылып көрсотүлгөн окуучулардын таанып-билүү кызыгууларынын өсүшү; жыйынтыгында окуучулардын тигил же бул кубулуштар менен процесстерге жеке мамилесин чагылдырган өзүнүн ырлары, сүрөттөрү, панно, жасалгалар ж.б. болгон чыгармачыл ишмердикке тартуу.

Ар башка окуу предметтерди интеграциялоо көйгөйүн чечмелөө боюнча окумуштуулардын пикирлери төмөнкүлөрдө дал келишет: Интеграцияланган сабактар окуу материалды тереңирээк жеткизүүгө мүмкүндүк түзгөндүктөн алардын активдештирилген өтүүсү; мындай сабактар балдардын интеллектин жогорулатууга, билимдерди бышык өздөштүрүүгө көмөктөшөт; бышыктоону жана билимдерди жалпылоону эффективдүү өткөрүүгө мүмкүндүк беришет; окуу-тарбиялоо процесстин тарбиялоо милдеттерин чечмелөөгө түрткү берет.

Ошентип предметтик интеграциянын ичинде орус тили сабактары да, адабий окуу сабактары да окуучулардын тилдик, лингвистикалык жана коммуникациялык компетенцияларын дээрлик эффективдүү калыптандырат, аларды тил жөнүндө (анын түзүлүшү жана иштеши) билим негиздери менен куралдандырат, тилдик жана эстетикалык идеалын өнүктүрөт.

Башталгыч мектепте орус тили боюнча ар бир сабак кептик ишмердүүлүктүн бардык аспектилеринин аудирлөө, сүйлөө, окуу, жазуу өнүгүшүн өзүнө камтыганына байланыштуу башталгыч мектепте орус тили жана адабий окуунун интеграцияланган сабактардын өтүү методикасын жетилтүү үчүн *адабий окуунун методикасын* дагы талдоодон өткөрүш керек. Белгилүү болгондой адабий окуу – бул кептик ишмердиктин өз алдынча түрү, ал текстте камтылган маалыматты аңдоо

жана баалоону жүргүзгөн процесс болуп баарлашуунун жазуу формасын камсыздайт. Адабий окуу коммуникациялык таанып-билүү ишмердиктин эң маанилүү түрлөрдүн бири болуп саналат. Окууда мазмундуу планды болүп чыгарышат, б.а. текст эмне жөнүндө экендигинин процессуалдык планын кантип окуш керек жана кантип айтып берүү керек. Мазмундуу планында окуу ишмердүүлүктүн жыйынтыгы болуп окуганды түшүнүү саналат, процессуалдуу планда – окуу процесстин өзү болот, б.а. графемаларды фонемалар менен катыштыруу; ички кептик учууну калыптандыруу, мында үн чыгарып окууда жана ичинен окууда, жай жана тез, толук түшүнүү менен же мазмунун жалпы камтууда билдирилет.

Башталгыч мектептин негизги милдеттеринин бири болуп кенже окуучуларда окуунун сапаттуу көндүмүн калыптандыруу эсептелет. Буга байланыштуу материалды түшүнүүнүн сапатын жогорулатуучу ыкмаларды бөлүп чыгарышат: божомолдоолорду, гипотезаларды айтуу; пиктограммалар; визуалдаштыруу; таяныч создөр; графикалык модель; таяныч белги; суроолорду берүү ыкмасы; эвристикалык суроолор ыкмасы; тексти бөлүп чыгаруу (маркировка) ыкмасы; “Жомок” ыкмасы; бир тоголок кар ыкмасы; айлана боюнча кайра айтып берүү; текстти өстүрүү ыкмасы; “Башкага түшүндүр” ыкмасы; текстти калыбына келтирүү ыкмасы; кесип бөлүү ыкмасы; окууну аңдоо менен кезектөө ыкмасы; америкалык метод; олуттуу окуу үчүн стратегиясы.

Окуу процессинин негизги үч этаптарына төмөнкүлөр кирет: *сөздөрдү өздөштүрүү; окуган сөздөргө байланыштуу мазмунду түшүнүү; окуганды баалоо.*

Сааттардын жалпы санынан жарымын программа окууга бөлүп берет. Окуу түздөн-түз оозеки кеп менен байланышкан. Оозеки кептин жардамы менен окуунун дааналыгы иштелип чыгат; окуу учурунда кептик дааналыгынын каражаттары пайдаланылат, ошондой эле байланышкан оозеки кеп тексттин мазмунун берүүгө жана окугандардын ортосундагы баарлашууга колдонулат. Орус тили боюнча иштөөнүн жалпы системасында окуучунун сөздүгүн байытуунун эң башкы жана эң бай булагы болуп адабий окуу саналат. Окуп жатканда окуучу жаңы сөздөргө жолугат, аларды сөздүгүнө жазып алат; окугандарды кийинки иштеп чыгуу (суроолорго жооп берүү, кайра айтып берүү) окуучунун создүгүн бышыктоо жолу болуп эсептелет.

Ошентип башталгыч мектепте адабий окуу, жазуу жана грамматика орус кебин өнүктүрүү (өздөштүрүү) үчүн кызмат кылат.

Демек, орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциялоо окутуунун баштапкы мезгилинде орус тили боюнча иштердин бардык бөлүмдөрү жана түрлөрү бирдиктүү сөздүк-грамматикалык тема менен байланышта болушу зарылдыгы менен шартталат. Адабий окуу менен жазуунун ортосундагы байланыш – орус тилне ийгиликтүү окутуунун

чечүүчү фактору болуп эсептелет (П. И. Харакоз).

**“Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдыгын методикалык коштоосу”** аттуу 3-главада башталгыч мектепте орус тили жана адабий окуу боюнча колдонулуп жаткан программалар менен окуу китептерине кыскача аналитикалык обзор берилген; башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоодогу ЖОЖдун мүмкүнчүлүктөрү ачылып берилди; башталгыч мектепте болочок мугалимди орус тили жана адабий окуу сабактарын өткөрүүгө автор иштеп чыккан окутуунун методикасы берилген; педагогикалык эксперименттин жүрүшү жана жыйынтыктары баяндалган.

Негизги мамлекеттик окуу-нормативдик документ курстун колөмүн, материалдын баяндоо удаалаштыгын, билимдер, билгичтиктер жана кондүмдөргө коюлган талаптарды аныктагандыктан ар бир окуу курстун мазмуну программага ылайык келиш керек, ошондуктан биз башталгыч мектепте колдонулуп жаткан окуу-нормативдик документтерди талдадык.

Орто билим берүүнүн жалпы милдеттүү Мамлекеттик стандартка (башталгыч, негизги, орто, жалпы орто билим берүү) ылайык башталгыч мектеп үчүн окуу программа иштелип чыккан (автор-түзүүчүлөр В.К. Павленко, Р.Т. Мендикенова, С.Я. Никитина, Т. А. Кульгильдинова, К.У. Кунакова). Башталгыч билим берүү деңгээлиндеги “Тил жана адабият” билим берүүчүаймактын предметтери: Сабаттуулукту (1-класс), Орус тили, адабий окууну (2-4 класстар) камтыйт.

Окуу китептин авторлору (В. К. Павленко, Г. В. Клыпа) кенже окуучулардын жалпы өнүгүүсүнө багытталган алардын таанып-билүү ишмердигин (байкоочулукту, ой жүгүртүүнү, практикалык аракеттерди) жетектөөнү уюштурууга көңүл бөлүшөт. Башталгыч мектеп үчүн орус тили боюнча окуу китептеринде материалды талдоо үчүн көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын ар кандай түрлөрү берилген: үнтамгалык талдоо, сүйлөмдөрдү түзүү, ар түрдүү грамматикалык тапшырмаларга ылайык сөздөрдү кайта айтуу, сөздүн өзгөрүүлөрүн аңдоо.

Башталгыч мектеп үчүн окуу китептериндеги орус тили жана адабий окууну интеграциялоонун мисалы катары көнүгүүлөрдү келтирсе болот. (№ 1-9). Бул топтун көнүгүүлөрүнүн көпчүлүгүндө оозеки талдоо жазуу менен айкалыштырылат, бул окуу максаттарда да (жазуунун көндүмдөрүн калыптоо), ошондой эле ишмердикти (акыл, мотордук) алмаштыруу максатында да маанилүү болот. Берилген көнүгүүлөр “кеп”, “сүйлөм”, “сөз” сыяктуу түшүнүктөр менен жалпы таанышууга багытталган. Бул көнүгүүлөрдү аткарууда сүйлөм түшүнүгүнүн белгилерин карап чыгыш керек жана сүйлөмдүн чектери жана суроолор боюнча (эмне жөнүндө айтылат? Эмне айтылат?) сүйлөмдү аныктоо жолдору жонүндө алгачкы билимдерди берүү зарыл; ошондой эле

сүйлөмдүн негизи-башкы мүчөлөр, тыныш белгилери, сүйлөмдүн башталышындагы баш тамга жөнүндө. Маселен “Сүйлөм” теманы үйрөнүүдө негизги суроолордун бири болуп окуучулар сүйлөм кантип түзүлөт деген жөнүндө билимдерди алуу эсептелет. Буга байланыштуу бул татаал теманы толук элестетүү жана түшүнүү үчүн “билим, билгичтик, көндүмдөр” парадигманын алкагынан “чыгууга” көмөктөшкөн интеграцияланган сабактар болот.

Типтүү программаларды, окуу пландарын, 5В010200 “Педагогика жана баштапкы окутуунун методикасы” адистиги боюнча окуу-методикалык комплекстерди изилдөө – студенттердин орус тили жана адабий окуу сабактарын предмет ичиндеги интеграция боюнча окутууга жана башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын окутууга лингводидактикалык даярдоону калыптандыруу боюнча ЖОЖдо иштөөгө даярдыгын калыптандыруунун дидактикалык ресурсун аныктоого мүмкүндүк берди.

Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын окутууга үйрөтүүнүн биз тараптан иштелип чыккан методикасы предметтик жана атайын компетенциялардын тутумда калыптандыруу процессин сунуштоого мүмкүндүк берет (1-сүрөт). Бул методика ЖОЖдун окуу-тарбиялык процессинин шартында практикалык-багытталган болуп саналат.

Окутуунун методикасы 2012-2016-окуу жылдарында жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименталдык иштин негизинде ишке ашырылды. Экспериментте Евразиялык Инновациялык университетинин (Павлодар ш.), Павлодар мамлекеттик педагогикалык институтунун 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүүнүн методикасы” адистиги боюнча студенттери катышты. Изилдөө констатациялоо, калыптануу жана текшерүү педагогикалык- эксперименттин этаптарында ишке ашырылды. Эксперименттин констатациялоо этабында биз “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин 3-курсунун 120 студентинен текшерүүчү жана эксперименталдык топторду аныктадык.

“Азыркы орус тилинин негиздери” сабагы окутулгандан жана экинчи педагогикалык практика өткөрүлгөндөн кийин биз предметтик компетенциялардын (“Азыркы орус тилинин негиздери” курсу боюнча билимдери) калыптануу деңгээлин тестирлөө методу менен, ал эми атайын компетенцияларды (орус тилин жана адабий окууну окутуу методикасына ээ болуу) жазуу иштерин аткартуу менен текшердик.

Предметтик компетенциялар деңгээли тест тапшырмаларынын жардамы аркылуу (20 тапшырма), атайын компетенциялар жазуу иштери аркылуу (3 тапшырма) аныкталды. Тестирлөөнүн жыйынтыгын баалоо баллдык-рейтингдик тутумда Казакстан Республикасындагы колдонуудагы эсептөө методикасынын шартында жүргүзүлдү.





1-сүрөт. *Башталгыч класстардын болочок мугалимин окутуу методикасы*

Тапшырмалар берилгенден кийин констатациялоо эксперименттин этабында “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин стунденттеринин предменттик компетенциясынын калыптанышынын 1-таблицада жана 2-сүрөттө чагылдырылган жыйынтыктары алынган.

Эксперименттик изилдөөнүн констатациялык этабынын максаты – башталгыч класстардын болочок мугалимдердин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдыгынын деңгээлин ачып көрсөтүү болгон.

1-таблица. *Тетирлөө боюнча констатациялык этаптын жыйынтыктары (предметтик компетенциялар)*

| Деңгээлдер | Саны | Констатациялык эксперимент ( % менен) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жогорку | Саны | Орто | Саны | төмөнкү | Саны |
| Текшерүүчү | 60 | 28,3 % | 17 | 56,7 % | 34 | 15 % | 9 |
| Эксперименттик | 60 | 33,4% | 20 | 53,3 % | 32 | 13,3 % | 8 |




2-сүрөт. Тестирлөөнүн жыйынтыгы (предметтик компетенция) констатациялоочу эксперимент

**Атайын компетенцияларды** өздөштүрүү деңгээлин (орус тилин жана адабий окууну окутуу методикасына ээ болуу) *жазуу тапшырмаларды* аткаруу аркылуу аныктадык (3 тапшырмалар):

**№ 1 жазуу иши. Сабаттуулукка окутуунун методикасынын лингвистикалык жана психофизиологиялык негиздери.**

1. Орус тилинин методикасы боюнча сөздүк-справочниги менен таанышкыла. Төмөнкү түшүнүктөрдүн мисалдарын тандап алгыла:
- Методика менен дидактиканы байланыштырган (дидактика-методикалык) – 10 түшүнүктөн кем эмес;
- Предметти окутуунун аймагына, анын теориясына жана практикасына тиешелүү – 10 түшүнүктөн кем эмес;
- Окутуунун технологиясы деп аталган мугалим менен окуучулардын ишмердүүлүгү, окуу процесси менен түздөн-түз байланышкан 1-түшүнүктү.
2. Ар кайсы методикалык системалардагы сабаттуулукка окутуунун лингвистикалык негиздерин көрсөткүлө (таблица түзгүлө).
3. Адабий окууну өздөштүрүүнүн ар кайсы этаптарындагы баланын окуу механизмин түшүндүргүлө (схема түзгүлө).
4. Адабий окуунун позициялык принцибинин маңызы эмнеде?

5. Жазууга үйрөтүүнүн механизмдери жана методдору кандай?
6. Алиппени талдоонун схемасын (иретин) түзгүлө. Заманбап негизги алиппелерди бул схема боюнча талдагыла. Азыр колдонулуп жаткан алиппелердин кайсынысын артык көрөсүңөр? Эмне үчүн?

**№ 2 жазуу иши. Грамматиканы үйрөтүүнүн методикасы.**

1. Башталгыч мектептин орус тили боюнча программага таянып, башталгыч класстарда окутулган грамматикалык, сөз түзүүчү түшүнүктөрдүн тизмесин түзгүлө.
2. Башталгыч мектепте окутулган бардык сөз түркүмдөрүн морфологиялык талдоонун схемасын түзгүлө.
3. Окуучу актоо, жылдызча сөздөрдү морфемдик талдоодогу ойлоосунун мисалын келтиргиле.
4. Башталгыч мектепте морфемдик талдоого берүүгө максатка ылайыктуу эмес болгон сөздөрдү тандагыла: *кенен, мектептик, дубал, кайыңдуу, имарат, сызык, кардуу, окуу*. Тандоону негиздегиле.
5. "Ат атоочтун теги", "ат атоочтун саны", "ат атоочтун жөндөлүшү", "ат атоочтун жөндөлүшүнүн типтери" темадагы сабактын фрагментин даярдагыла.
6. "Сын атоочтун теги", "сын атоочтун саны", "сын атоочтун жөндөлүшү", "сын атоочтун жөндөлүшүнүн типтери" темадагы сабактын фрагментин даярдагыла.
7. "Этиштин убактысы", "этиштин жаксыз формасы", "этиштин жактоосу" темадагы сабактын фрагментин даярдагыла.

**№ 3 жазуу иши. Башталгыч мектепте орфографиянын методикасы.**


1. Берилген создөр кандай принципке ылайык келээрин аныктагыла: ит, суу, ичик, магазин, Үмүт (ат), бычак, жашоо, ай, чаян, кыз, ванна, токойлуу.
2. Орфограммалардын түрлөрүн жана таануу белгилерин көрсөткүлө: *Кууш жалгыз аяк жол менен отряд басып баратат.*
3. 4-класстын окуучуларынын орфографиялык корөгөчтүгүнүн деңгээлин текшерүү үчүн текст даярдагыла.
4. Окуучулардын орфографиялык көрөгөчтүгүн калыптандыруучу көнүгүүлөрдүн тобун иштеп чыккыла.

5. Орус жазуу эрежелеринин башкы принцибин эки формулировкасын салыштыргыла. Бул мамилелердин жалпылыгын жана айырмачылыгын эмнеде коросүңөр?
1) “Орус орфографиясынын жетектөөчү принциби болуп морфологиялык саналат. Ал сөздүн маанилүү бөлүктөрүнүн морфемаларын окшош жазууга (алардын айтылуусуна коз карандысыз) негизделген (мисалдар берилген)”.
2) Фонематикалык жазуу – бул мындай учур, качан алфавиттин ошол эле бир тамгалар фонеманы белгилеп анын бардык өзгөрүүлөрүндө кандай гана фонетикалык абалда тыбыш чыгарганына карабастан”.


“Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин текшерүүчү жана эксперименталдык топтордогу студенттеринин атайын компетенциясынын калыптанышын (“Азыркы орус тилинин негиздери” курсунан жана педагогикалык практикадан кийин) аныктоочу жазуу жүзүндөгү тапшырмаларынын жыйынтыгын талдоо – критерийлик-баалоо формасында 2-таблицада, 3-сүр., 4- сүр. көрсөтүлгөн.

2-таблица *Жазуу жыйынтыктары (атайын компетенциялар) констатациялык эксперимент*

| Тапшырмалар | Эксперименттик топ | | | | Текшерүүчү топ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | оптим. | жетиш. | канаатт | канаатт.у эмес | оптим. | жетиш. | канаатт | канаатт. эмес |
| №1 | 10 | 21 | 18 | 11 | 11 | 22 | 20 | 7 |
| №2 | 8 | 18 | 19 | 15 | 9 | 17 | 21 | 13 |
| №3 | 11 | 15 | 20 | 14 | 12 | 18 | 19 | 11 |




3-сүрөт. *Жазуу иштеринин жыйынтыгы (атайын компетенция)*




4-сүрөт. *Жазуу иштеринин жыйынтыгы (атайын компетенция)*

Алынган аналитикалык маалыматтар текшерүүчү жана эксперименттик топтордогу билим деңгээли дээрлик бирдей экендигин көрсөттү.

Ошентип, констатациялоочу эксперимент предметтик компетенциялардын практиканын шартында болушу алар практика жүзүндө көрсө да, аларды тажрыйбалуу методисттер жетектесе да студенттердин атайын компетенциясынын болушун шарттабастыгын көрсөттү. Буйга байланыштуу, биз 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин окуу планына “Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы” теориялык дисциплинасын жана “1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен өтүү” практикалык-бытттоо дисциплинасын калыптандыруучу эксперимент шартында киргизүү, 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин студенттерине 3-курста 6 семестрде окутуу зарыл деген жыйынтык чыгарабыз.

**1. Эксперименттин калыптандыруучу этабында** “Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы” дисциплинасы (3 курс, 6-семестр) 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин 3-курсунун студенттерине багытталган. Педагогикалык билим берүүнүн азыркы тутумунда ал тандоо дисциплиналарына киргизилген жана тилдик, лингвистикалык, коммуникативдик, лингвомаданий компетенцияларын калыптандырууга багытталган (бул дисциплинанын мазмуну жана түзүмү диссертацияда к.).

*Биринчи модулда* студенттер сабаттуулукка окутуу методикасынын төмөнкү темаларды окутууну камтыган негиздери менен таанышат: сабаттуулукка үйрөтүү методикасынын лингвистикалык жана психофизиологиялык негиздери; сабаттуулукка үйрөтүү методикасын өнүктүрүүнүн учурдагы көйгөйлөрү; сабаттуулукка үйрөтүүнүн азыркы методикасынын өзгөчөлүктөрү; окуу жана жазуунун алгачкы

көндүмдөрүн калыптандыруу; сабаттуулукка үйрөтүүмезгилиндеги окуу жана жазуу сабактары.

*Экинчи модулда* адабий окууну окутуу методикасына байланышкан маселелер каралат: текст менен иштөөнүн адабий жана психологиялык-педагогикалык негиздери; адабий окуу сабагында сүйлөө речин өстүрүү; башталгыч мектепте сабактан тышкаркы окуу методдору.

*Үчүнчү модуль* орус тилин окуу предмети катары окутуу методикасын камтыйт: фонетиканы, лексикологияны окутуу методикасы; грамматиканы окутуу методикасы; башталгыч мектептеги орфография методикасы; азыркы орус тили сабагы; башталгыч класстардын окуучуларынын сүйлөө речин өстүрүү методикасы.

**2. Атайын компетенцияларды калыптандыруу** үчүн биз ЖОЖдун окутуу-тарбиялоо процессине “1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен өтүү” практикалык-багыттоо атайын курсту киргиздик. Атайын курс 5В010200 “Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы” адистигинин окуу планынын тандоо боюнча компонентинин дисциплинасы – болочок мугалимдерге бул сабактарды компетенттүүлүк билим берүү шартында окутуу көндүмдөрүнө ээ болууга көмөк көрсөтүү болуп саналат.


*Атайын курстун максаты* - студенттердин теориялык-методжикалык билимдерин, кесиптик көндүмдөрүн калыптандыруу жана аларды предметтердин интеграциясы шартында пайдалануу.

Жүргүзүлгөн атайын курс студенттердин орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен уюштурууда кесиптик-методикалык билгичтигин, мугалимдин балага тил боюнча толук кандуу билим берүүсүн жана сүйлөө речин өстүрүүсүн камсыздаган кесиптик билгичтигин калыптандырууга мумкүндүк түздү.

Эксперименттин активдүү педагогикалык практика шартындагы жыйынтыктоочу этабында биз тестирлөө, жазуу жүзүндөгү тапшырмалар жана курстик иш жаздыруу методдору менен жыйынтыктоочу баалоо жүргүздүк. Тестирлөө методу төмөнкүдөй жыйынтыкты көрсөттү (3-таблица жана 5-сүрөт).

3-таблица *Тестирлөөнүн жыйынтыктары (предметтик компетенция)*

| Деңгээлдер | саны | Контролдук эксперимент (% менен) | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жогорку | саны | орто | саны | төмөнкү | саны |
| Текшерүүчү | 60 | 30 % | 18 | 58,3 % | 35 | 11,7 % | 7 |
| Эксперименттик | 60 | 48,3% | 29 | 53,3 % | 28 | 5 % | 3 |





5-сүрөт. *Тестирлөөнүн жыйынтыгы (предметтик компетенция), текшерүүчү эксперимент*


5В010200 "Педагогика жана баштапкы билим берүү методикасы" адистигинин студенттеринен "Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы" курсунан жана "1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен өтүү" атайын курсунан кийин атайын компетенциянын (орус тили жана адабий окууну окутуунун методикасы) калыптанышынын жыйынтыгы жазуу иштери аткаруу аркылуу текшерилген (жыйынтыгы 4-таблицада, 6-7-сүрөттөрдө чагылдырылган).

4-таблица. *Жазуу иштин жыйынтыктары (атайын компетенция) текшерүүчү эксперимент*

| Тапшырмалар / Деңгээлдер | Эксперименттик топ | | | | Текшерүүчү топ | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | оптим. | жетишт | канаат | канаат эмес | оптим. | жетишт | кaеаат | канаат эмес |
| №1 | 14 | 26 | 16 | 4 | 12 | 22 | 19 | 7 |
| №2 | 15 | 27 | 15 | 3 | 10 | 19 | 21 | 10 |
| №3 | 18 | 29 | 10 | 3 | 13 | 21 | 16 | 10 |




6- сүрөт. *Жазуу иштеринин жыйынтыгы (атайын компетенция)*





7-сүрөт. *Жазуу иштеринин жыйынтыгы (атайын компетенция)*


Калыптоочу экспериментти өткөргөндөн кийин жыйынтыгында эксперименттик топтордо методика боюнча темалар тереңирээк окутулгандыктан жазуу тапшырмаларды аткарууда жакшы жагына өщзгөрүүлөр болду. Эксперименттик топтун студенттеринде текшерүүчү топко салыштырмалуу билимдер менен билгичтиктеринин өсүшүнүн оң динамикасы байкалды. Ошентип эксперименттин текшерүүчү этабы корсоткондой, башталгыч мектепте болочок мугалимди орус тили жана адабий окуунун сабактарын өтүүгө даярдоо методикасын ЖОЖдун окутуу процессине ишке ашыруусу текшерүүчү топко салыштырмалуу эксперименттик топто предметтик жана атайын компетенциялардын калыптаныш деңгээли олуттуу жогорулады: жогорку деңгээлде 16,3%, орто деңгээлде 3% (тиешелүү жыйынтыктар 5-таблицада жана 8-9 сүрөттөрдө көрсөтүлдү).

5-таблица. *Эксперименттик менен текшерүүчү топтордо констатациялоочу жана текшерүү эксперименттин салыштырмалуу жыйынтыктары*

| Деңгээлдер | Эксперименттин жыйынтыгы ( % менен) | | | |
|---|---|---|---|---|
| | Эксперименттик топ | | Текшерүүчү топ | |
| | Констат. этап | Текшерүү этап | Констат. этап | Текшерүү этап |
| Жогорку | 33,4% | 46,3% | 28,3% | 30% |
| Орто | 53,3% | 55,3% | 56,7% | 58,3% |
| Төмөнкү | 13,3% | 5% | 15% | 11,7% |




8-сүрөт. *Эксперименттик топтогу констатациялоочу жана текшерүү этаптардын салыштыруу жыйынтыктары*




9-сүрөт. *Текшерүүчү топтогу констатирующий жана текшерүүчүнүн салышмалуу жыйынтыгы*

Муну менен башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын окуу процессине окутуу методикасынын “Педагогика жана баштапкы окутуунун методикасы” адистигин киргизүү жолу менен өтүүгө даярдыгын калыптандыруу мүмкүндүгү далилденди, биз жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименталдык иш предметтик жана атайын компетенцияларды калыптандырууга спецификалык багыт бар экендигин тастыктады.

## ЖАЛПЫ ЖЫЙЫНТЫКТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары төмөнкү корутундуларды чыгарууга мүмкүндүк берди:

1. Орус тили жана адабий окуу сабактарын окутуунун жаңы талаптары билим берүү процессине инновациялык педагогикалык технологияларды киргизүүнү шарттады, ал эми көп жылдык иш тажрыйба билим берүүнүн таасирдүүлүгүнө аларды интеграциялоо жолу менен жетүүгө боло тургандыгын тастыктайт.

Инновациялык технологиялардын бири болуп сабакты балдардын сүйлөө кеби өнүктүрүлүп, сөздүк кору байытылган предмет ичиндеги интеграциянын алкагында түзүү саналат. Изилдөөбүздө биз орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциялоого басым жасайбыз. Интеграцияланган сабактар окуучуларга курчап турган чөйрө менен таанышууга жардам берет. Билимдин сапаты таанып-билүү ишмердигинин өзгөчөлүгүнөн да, алган билимин ишмердиктин ар түрдүү багыттарында пайдалана билүүдөн да көз каранды. Мындай сабактар балдардын сүйлөө ишмердигин төрт түрдүү өстүрүүгө: угуу, сүйлөө, окуу, жазууга багытталган программалардын алкагында тил предметтери боюнча таасирлүү. Мунун менен мазмун, окутуу жана баалоонун ортосунда тыгыз байланыштын түзүлүшү камсыздалат. Буга байланыштуу, диссертациябызда белгиленген маселелерди чечүү жолдору бизди башталгыч класстардын болочок мугалиминин орус тили жана адабий окуу сабактарын предмет ичиндеги интеграциянын алкагында окутуусунун методикасын иштеп чыгууга алып келди.

2. Изилдөөнүн жүрүшүндө компетенттик мамиленин алкагында башталгыч класстардын болочок мугалимин даярдоо методикасынын лингводидактикалык негиздери аныкталды. Педагогдун практикалык ишмердигинде компетенттүүлүк мамиле билим берүүнүн жыйынтыктарын даана пайдаланууга мүмкүндүк түзөт.

Башталгыч класстардын болочок мугалими кесиптик ишмердиктин аталган түрүн жүзөгө ашырууда төмонкү компетенцияларга ээ болушу зарыл: *түйүндүү компетенциялар* – ийгиликтүү педагогикалык ишмердүүлүктү жалпысынан камсыздайт; *предметтик компетенциялар* – спецификалык болушуп башталгыч мектепте сабактарды ийгиликтүү окутууну камсыз кылат; *атайын компетенциялар* – тар багыттуу болуп коштоочу педагогикалык милдеттерди чечмелөөнү камсыздайт.

Ошентип ЖОЖдо окуп жаткан убакытта студенттерде калыптанган түйүндүү, предметтик жана атайын компетенциялар башталгыч мектепте кийинки адистик ишмердүүлүгүндө мугалимдин кесипкөйлүгүн камсыздайт.

3. Жүргүзүлгөн тажрыйба-эксперименттик иштин жыйынтыктары биз иштеп чыккан башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоо интеграциялык методиканын эффективдүүлүгүн тастыктады. Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын “Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы” практикалык-багыттоо дисциплиналар компонентин жана “1-практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу” атайын курсун камтыган интеграциянын элементтери менен иштелип чыккан өтүүгө даярдоонун методикасын жетилтүүгө

көмөктөшөт.

Орус тили жана адабий окуунун интеграцияланган сабактарына студенттер түзгөн план-конспектилер, алар боюнча педагогикалык практика учурунда сабактарды өткөрүү, андан кийин талкуулоо жүргүзүүлөр студенттерде кесиптик компетенциялар (предметтик жана атайын) иштелип чыккан методиканын эффективдүүлүгүн тастыктайт.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТООЛОР

Илимий-усулдук баяндоо жана методикалык сунуштоолор, ошондой эле диссертациянын материалдары төмөнкүлөргө кызмат кыла алат:

- окутуучулар жана студенттер, ошондой эле мектептердин мугалимдери үчүн интеграциялоо элеменменен окуу- методикалык комплекстерди түзүүгө;
- азыр колдонулуп жатка башталгыч мектеп үчүн мамлекеттик билим берүү стандартар, программалар жана орус тили менен адабий окуунун окуу китептерине компетенттик негизде тактоолорду жана кошумчаларды киргизүүгө;
- башталгыч мектепте орус тилин окутуунун жалпы методикасын мындан аркы жетилтүүгө.

### Диссертациянын негизги мазмуну төмөндөгү басылмаларда чагылдырылган:

1. **Сулейменова, Г.А.** Теория и технология обучения русскому языку в начальной школе: учебно-методический комплекс [Текст] / Г.А. Сулейменова. – Павлодар, 2015. – 50 с.
2. **Сулейменова, Г.А.** Практикум 1: проведение уроков русского языка и чтения с элементами интеграции: спецкурс [Текст] / Г.А. Сулейменова. – Павлодар, 2016. - 30 с.
3. **Сулейменова, Г.А.** Современное состояние русского языка в рамках обновления содержания образования в Республике Казахстан [Текст] /Г.А. Сулейменова // Материалы Международной научно-практической конференции «Перспективные научные исследования». - София, 2017.- С. 13-17.
4. **Сулейменова, Г.А.** О парадигме компетенций учителя начальных классов: социокультурный анализ [Текст] / Г.А.Сулейменова // Научный альманах. – № 12(13). – Тамбов, 2016. – С. 564-568.
5. **Сулейменова, Г.А.** Технология подготовки будущего учителя начальных классов к проведению уроков русского языка и чтения [Текст] / Г.А. Сулейменова // Научный альманах. – № 9 (11). – Тамбов, 2015. - С. 621-624.

6. **Сулейменова, Г.А.** Модель подготовки будущего учителя начальных классов к проведению уроков чтения [Текст] / Г.А. Сулейменова // Эл Агартуу. – № 7-8. –2014. – С. 28-31.
7. **Сулейменова, Г.А.** К вопросу о формировании читательской компетенции у младших школьников на уроках литературного чтения [Текст] / Г.А. Сулейменова // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – № 3. –2013. – С. 90-91.
8. **Сулейменова, Г.А.** Методологическая основа формирования функциональной грамотности будущего учителя начальных классов [Текст] / Г.А. Сулейменова // Вестник ПГУ им. С.М. Торайгырова. – № 1-2. – 2012. – С. 154-159.
9. **Сулейменова, Г.А.** О проблеме развития речи младших школьников в современной школе [Текст] / Г.А. Сулейменова // Вестник ПГУ им. С.М.Торайгырова. – №3. –2012. – С. 89-93.
10. **Сулейменова, Г.А.** About the problem of cooperation between the school and the family of younger students [Текст] / Г.А. Сулейменова // World of Science. – Praha: IADE, 2011. – С. 3-5.
11. **Сулейменова, Г.А.** О проблеме подготовки будущего учителя к работе с родителями [Текст] / Г.А. Сулейменова // Материалы научно-практической конференции. – КазНПУ им. Абая, 2007. – С. 123-126.
12. **Сулейменова, Г.А.** О сотрудничестве школы и семьи: Классный руководитель-ученик-родитель [Текст] / Г.А. Сулейменова // Материалы научно-практической конференции «Социально-гуманитарное направление в парадигме современного образования». – Павлодар, 2008. – С. 162-165.
13. **Сулейменова, Г.А.** Сущность формирования готовности будущего учителя к работе с родителями младших школьников [Текст] / Г.А. Сулейменова // Материалы научно-практической конференции ЕГИ. – 2009. – С. 330-332.
14. **Сулейменова, Г.А.** О профессиональной компетенции учителя начальных классов [Текст] / Г.А. Сулейменова // Материалы научно-практической конференции «Путь в науку». – Камень-на-Оби, 2013. – С. 110-116.
15. **Сулейменова, Г.А.** Особенности взаимодействия в системе «Учитель-ребенок-родитель» в современных условиях [Текст] / Г.А. Сулейменова // Наука и новые технологии. – № 4. –2013. – С. 288-291.

**Сулейменова Гульмира Амангалиевнанын «Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын өтүүгө даярдоонун лингводидактикалык негиздери" деген темадагы 13.00.02 – окутуунун теориясы жана методикасы, окутуунун жана тарбиялоонун (орус тили) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына изденип алуу үчүн жазылган диссертацияга**


**РЕЗЮМЕ**

**Түйүндүү сөздөр:** башталгыч мектепте окутуунун методикасы, орус тили, адабий окуу, лингводидактикалык негиздер, компетенттүү мамиле, негизги компетенция, предметтик компетенция, атайын компетенция, интеграциянын элементтери, интеграцияланган сабак.

**Изилдөөнүн объектиси:** ЖОЖдо башталгыч мектепте окутуунун методикасын процессин өркүндөтүү.

**Изилдөөнүн предмети:** башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарын интергрdébиялонун элементтерин пайдаланып окутууга даярдоонун (предметтик жана атайын компетенцияларды калыптандыруу) лингводидактикалык негиздери.

**Изилдөөнүн максаты**: компетенттүүлүк негизде орус тили жана адабий окуу интеграцияланган сабактарынын иштеп чыгууга лингводидактикалык негиздерин башталгыч класстардын болочок мугалимдин даярдоо методикасын иштеп чыгуу жана эксперименттик текшерүү.

**Изилдөөнүн методдору:** изилдөөнүн темасы боюнча философиялык, психологиялык, педагогикалык, лингвистикалык эмгектерди изилдөө жана теориялык талдоо жүргүзүү; изилдөөнүн мамлекеттик билим берүү стандарттарын, ченемдик документтерди жана окуу программаларын талдоо, педагогикалык байкоо жүргүзүү, ангемелешүү, сурамжылоо, педагогикалык ишмердикти талдоо, тажрыйба жүргүзүү, жыйынтыктарды иштеп чыгуу.

**Илимий изилдөөнүн жаңылыгы:** предметтик жана атайын компетенцияларды калыптандырууга багытталган башталгыч класстардын болочок мугалимин даярдоонун лингводидактикалык негиздери аныкталды. Башталгыч класстардын болочок мугалимин орус тили жана адабий окуу сабактарынын интеграциялык окутуу методикасынын элементтери менен өтүүгө даярдоонун методикалык сунуштары биринчи жолу иштелип чыкты.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси:** 5В010200 "Педагогика жана башталгыч билим берүү методикасы" адистигинин орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуунун практикалык көндүмдөрүн калыптандырууга багытталган, тандоо боюнча “Башталгыч мектепте орус тилин окутуунун теориясы жана технологиясы” практикалык-багыттоо дисциплиналар компонентин жана “1-Практикум: орус тили жана адабий окуу сабактарын интеграциянын элементтери менен окутуу” атайын курсун иштеп чыгууда жана окуу процессине киргизүүдө камтылган.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Сулейменовой Гульмиры Амангалиевны на тему «Лингводидактические основы подготовки будущего учителя начальных классов к проведению уроков русского языка и чтения» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.02 – теория и методика обучения и воспитания (русский язык)**


**Ключевые слова**: методика преподавания в начальной школе, русский язык, чтение, лингводидактические основы, компетентностный подход, ключевая компетенция, предметная компетенция, специальная компетенция, элементы интеграции, интегрированный урок,.

**Объект исследования:** процесс совершенствования методики преподавания в начальной школе в вузе.

**Предмет исследования**: лингводидактические основы методики подготовки (формирование предметных и специальных компетенций) будущего учителя начальных классов к проведению уроков русского языка и чтения с элементами интеграции.

**Цель исследования** заключается в разработке и экспериментальной проверке лингводидактических основ методики подготовки будущего учителя начальных классов к проведению интегрированных уроков русского языка и чтения на компетентностной основе.

**Методы исследования:** изучение и теоретический анализ философских, психолого-педагогических, лингвистических и методических трудов, учебно-нормативной документации (госстандарты, учебные программы, учебники) по теме исследования; педагогическое наблюдение за учебным процессом, беседа, опрос, анкетирование, тестирование, обработка полученных в ходе педагогического эксперимента данных.

**Научная новизна исследования:** определены лингводидактические основы методики подготовки будущего учителя начальных классов, которая предполагает формирование предметных и специальных компетенций. Впервые разработаны, внедрены и экспериментально апробированы методические пути подготовки будущего учителя начальных классов к проведению уроков русского языка и чтения с элементами интеграции.

**Практическая значимость исследования** заключается в разработке и внедрении в учебный процесс специальности 5В010200 «Педагогика и методика начального обучения» теоретических и практико-ориентированных дисциплин цикла компонента по выбору: «Теория и технология обучения русскому языку в начальной школе» и спецкурс «Практикум 1: проведение уроков русского языка и чтения с элементами интеграции», направленных на формирование профессиональных компетенций студентов для проведения уроков русского языка и чтения с элементами интеграции. Выводы из данного исследования ориентированы на уточнение и дополнение к действующим госстандартам, программам и учебникам русского языка и чтения для начальной школы.

## SUMMARY

**Thesis Suleimenova Gulmira Amangalievna on the theme "Linguodidactic foundations of training future teachers of initial classes on the lessons of the Russian language and reading" for scientific degree of candidate of pedagogical Sciences, specialty 13.00.02 – theory and methodology of education and upbringing (Russian language)**

**Key words:** methods of teaching in elementary school, Russian language, reading, didactic principles of competence approach, competence, professional competence, special competence, the elements of integration, integrated lesson.

**Object of study:** the process of improving methods of teaching in elementary school in high school.

**Subject of research:** linguodidactic foundations of teaching methods (formation of domains and specific competencies) of future primary school teachers on the lessons of Russian language and reading elements of integration.

**The purpose** of the study is to develop and pilot test didactic bases of teaching methods for future elementary school teachers to provide integrated lessons of Russian language and reading based on the competence approach.

**Methods of research:** study and theoretical analysis of philosophical, psycho-pedagogical, linguistic and methodological work, training of regulatory documents (standards, curricula, textbooks) on the topic of research; pedagogical monitoring of educational process, chat, poll, questionnaire, testing, processing of results of pedagogical experiment data.

**Scientific novelty of the research.** Linguodidactic foundations defined methods of teaching the future teachers of initial classes, which includes the formation of domains and specific competencies. First future elementary school teachers designed, implemented and experimentally tested a methodical way of teaching the Russian language and reading elements of integration.

**The practical significance of research** consists in the development and introduction in educational process in the specialty 5B010200 "pedagogy and methodology of elementary education" theoretical and applied disciplines component of choice: "The theory and methodology of teaching Russian language in primary school" and the course "Seminar 1: teaching Russian language and reading elements of integration" aimed at formation of professional competences of students on the lessons of Russian language and reading elements of integration. The findings of this study focused on clarifying and supplementing the existing state standards, programmes and textbooks of the Russian language and reading for primary schools.

Подписано в печать 24.02.2017 г. Формат 60x84 $_{1/16}$.
Бумага офсетная.
Объем 1,75 п.л., Тираж 100 экз.

Отпечатано в Издательском центре «Билим» КАО
г. Бишкек, бул. Эркиндик, 25
Тел.: 0 (312) 62 23 68